Чынында, ыймандуу адам жакшы кулк-мүнөзү менен (күндүзү) орозо туткан, (түнү) намаз окуган адамдын даражасына жетет

Айша энебиз (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айтканын уктум: "Чынында, ыймандуу адам жакшы кулк-мүнөзү менен (күндүзү) орозо туткан, (түнү) намаз окуган адамдын даражасына жетет".

[Сахих бишаваахидихи (башка ишенимдүү айтымдары бар хадис)] [Абу Дауд жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) кулк-мүнөздүн жакшылыгы дайыма күндүзү орозо кармап, түнү намазга туруп жүргөн адамдын даражасына жеткирерин баяндаган. Жакшы кулк-мүнөз жакшылыкты көп кылуу, сылык-сыпаа сүйлөө, маанайын ачык алып жүрүү, эч кимге зыян тийгизбөө жана адамдардын зыянына чыдоо ж.б. ичине алат.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/5799